
**№19 А.Казаков атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими**

**Торажанова Шохсанам**

# Тема: “Антонимдер”



5-Г класс

**Предмет:** **Кыргыз тил** **класс:** **5**[2] **күнү:** 26.01.23 ж **№11**

Текшерилди. 056. 26.01.23ж.

***Сабактын темасы:*** Антонимдер

***Сабактын максаты:***

1. Билим берүүчүлүк: антоним сөздөр тууралуу маалымат алышат.
2. Өнүктүрүүчүлүк: окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүү менен бирдей уңгулуу жана ар башка уңгулуу антонимдерди үйрөнүшөт;
3. Тарбия берүүчүлүк: топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара түшүнүүгө тарбияланышат.

*Сабакта колдонулуучу усулдар:* проблемалык жана интерактивдүү усулдар

*Сабактын тиби:* жаңы билимди берүү сабагы.

*Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар:* таблица, методикалык колдонмо, антонимдер сөздүгү ж. б.

*Предмет аралык байланыштар:* адабият, адеп

| Негизги компетенттүлүктөр | | | Предметтик компетенттүүлүктөр |
|---|---|---|---|
| Маалыматтык | Социалдык-коммуникативдик | Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү | |
| Антонимдер жөнүндө билишет. | Сөздөрдүн антонимдерин табышат. | Топто иштей алышат. | *1.Тилдик компетенттүүлүк:*<br>- карама-каршы маанидеги сөздөр жөнүндө түшүнүк алышат;<br>- бирдей уңгулуу жана ар башка уңгулуу антонимдерди түшүнөт.<br>*2.Кептик компетенттүүлүк:*<br>- сүйлөө кебинде антонимдерди колдоно алышат;<br>- сүйлөмдөрдөн, тексттерден антонимдерди таба алат.<br>*3.Маданий компетенттүүлүк:*<br>- кеп маданиятына ээ болот;<br>- адабий тилдин ченемине ылайык туура сүйлөөгө калыптанат.<br>5.3.2.1. Орфоэпиялык, сөз жасоочу жана лексикалык нормаларга карай сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот; зат атооч, сын атооч, этиштерди тексттик функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө жараша колдонот. |

Сканировано с CamScanner

## Сабактын жүрүшү

| № | Сабактын этабы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК | |
| 1 | Мотивация (шыктандыруу) (2-3 мин) | Жагымдуу маанай тартуулоо менен шыктандырып алууга багыт берилет. | Жагымдуу маанай тартуулоо максатында окуучулар бири-бирине мактоо сөздөрүн айтышат | НК-3 | | Мактоо сөз |
| 2 | Өтүлгөн теманы кайталоо (үй тапшырмасын бышыктоо) (5-8 мин) | 305-көнүгүүнү аткаруу. | 305-көнүгүүнү аткарышат. | НК-2, НК-3 | | Калыптандыруучу баалоо |
| 3 | Тема жана күтүлүүчү окуу натыйжаларын жарыялоо (3-5 мин) | а) карама-каршы мааниде айтылган сөздөрдүн антоним экендигин түшүнүп билсе;<br>б) антонимдер өз ара бирдей уңгулуу жана ар башка уңгулуу антонимдер деп бөлүнөрүн үйрөнсө;<br>в) топтордо иштөөдө бири-бирин сыйлап, өз ара түшүнүшсө; | Күтүлүүчү окуу натыйжалары боюнча маалымат алышат. | НК-1 | ПК-1, ПК-2 | Калыптандыруучу баалоо |
| 4 | Жаңы тема боюнча маалыматтарды берүү (4-5 мин) | Мугалим окуу китебинде берилген таблицанын негизинде төмөнкүлөргө токтолот: Кыргыз тилинде ар башка тыбыштан турган сөздөр өз ара синонимдик байланышта эле болбостон, маанилеринин карама-каршылыгы боюнча да байланышта болушат.<br>Карама-каршы мааниде айтылган сөздөр антонимдер деп аталат. Ал грек тилинин anti (каршы) жана anata (ат) деген сөзүнөн алынган. Антонимдер өз ара ар башка уңгулуу жана бирдей уңгулуу болуп экиге бөлүнөт. Мисалы: ар башка уңгулуу антонимдерге күн-түн, катуу-жумшак, | Антонимдер жөнүндө түшүнүк алышат. | НК-1, НК-2 | ПК-1, ПК-2 5.3.2.1. | Калыптандыруучу баалоо |

Сканировано с CamScanner

батыш-чыгыш, кең-тар, баатыр-коркок, калп-чын ж. б. кирет. Бирдей уңгулуу антонимдерге абийирдүү-абийирсиз, адептүү-адепсиз, алдуу-алсыз, тааныш-бейтааныш ж. б. кирет.

Демек, өз ара бири-бирине карама-каршы турган, бирок бири-бири менен мамилелеш түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр антонимдер деп аталат. Мисалы: оң-сол, жакшы-жаман, бийик-жапыз, ысык-суук, оору-соо, мурун-кийин, дос-душман, күн-түн, дос-душман, кел-кет ж. б. Антоним болгон сөздөрдүн бири-бирине карама-каршы болушу алардын ортосунда 130

таптакыр байланыш, катыш жок деген сөз эмес, тескерисинче, белгилүү бир жалпылыкка ээ болгон сөздөр гана бири-бирине карама-каршы боло алышат. Мисалы: берилген антоним болгон сөздөргө төмөнкүдөй жалпы белгилер таандык: жакшы-жаман (сапат), аз-көп (сан боюнча өлчөм), чоң-кичине (көлөм боюнча өлчөм), оор-жеңил (салмак боюнча өлчөм) ж. б. Демек, антонимдер белгилүү бир жалпылыкка ээ болгон, бирдей грамматикалык категорияга кирген сөздөр болот. Эгерде антоним деп алынган сөздөр белгилүү бир жалпылыкка ээ болбой, ар кандай сөз түркүмүнө тиешелүү болсо, анда алар антоним боло алышпайт.

Антонимдер ар башка уңгудан жана бир эле уңгудан да болушу мүмкүн. Ар башка уңгудан туруп, лексикалык жактан карама-каршы мааниде болгон сөздөр ар башка уңгулуу антонимдер деп аталат. Мисалы: күн-түн, катуу-жумшак, калп-чын, батыш-чыгыш, кең-тар ж. б. Мында карама-каршылык сөздөрдүн лексикалык мааниси аркылуу берилип жаткандыктан, антонимдин бул түрүн **лексикалык антонимдер** деп аташат.

Уңгулары бирдей болуп, бирок карама-каршы маанидеги мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган

Сканировано с CamScanner

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | антонимдер бир уңгулуу антонимдер деп аталат. Мисалы: абийирдүү-абийирсиз, адептүү-адепсиз, бактылуу-бактысыз, нааразы-ыраазы ж. б. Мында карама-каршы маанилер уңгулар аркылуу туюнтулбастан, карама-каршы маанилерди билдирүүчү грамматикалык каражаттардын, тактап айтканда, -луу, -сыз деген кыргыз тилинин сөз жасоочу мүчөлөрү менен жүзөгө ашты. | | | | |
| 5 | Интерактивдүү көнүгүүлөр, сабактын борбордук бөлүгү (15-20 мин) | Сабактын кийинки бөлүгүндө окуу китебиндеги 306-көнүгүүдө берилген ырды окуп, антонимдерди таап, анын кайсы түрү экенин аныктагыла. 307-көнүгүү оозеки аткарылып, берилген сүйлөмдөрдөгү, кара тамга менен жазылган сөздөрдүн маанилерин аныктагыла. 308-көнүгүү жазуу түрүндө аткарылып, берилген сөздөрдүн карама-каршы маанилерин таап, жазгыла. Андан кийин класс топторго бөлүнүп, төмөнкүдөй өз алдынча жумуштар аткарылат:<br>*1-топ үчүн*: Антонимдерге кластер түзгүлө.<br><br>*2-топ үчүн*: Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө жана антонимдерди тапкыла. 1. Жаман адам белгиси – өз камы үчүн жүгүрөт, Жакшы адам белгиси – эл камы үчүн күйүнөт. 2. Тууганына батпаган, душманына жалынат.<br>*3-топ үчүн*: Бирдей уңгулуу жана ар башка уңгулуу антонимдерге Венндин диаграммасын түзүү. | Окуучулар антонимдерди таап, анын кайсы түрү экенин аныкташат. Берилген сөздөрдүн карама-каршы маанилерин таап, жазышат. | НК-2, НК-3 | ПК-1, ПК-2, ПК-3 | Калыптандыруучу баалоо |
| 6 | Сабакты жыйынтыктоо, баалоо (3 мин) | Окуучулардын аткарган иштери талданат, жыйынтыгы чыгарылат. | Окуучулар суроолорго жооп беришет. | НК-2 НК-3 | ПК-1, ПК-2 | Калыптандыруучу баалоо |
| 7 | Окуучулардын билимдерин баалоо критерийлери | - омонимдердин мүнөздүү белгилерин айтып бериши;<br>- омонимдердин ар башка сөз түркүмүнө тиешелүүлүгүн жана сүйлөм дүн ар башка мүчөсүнүн милдетин аткарарын билиши;<br>- өзүнүн оюн далилдеп бере алат | Бири-биринин, өзүнүн билимин баалашат. | НК-2, НК-3 | | Калыптандыруучу баалоо |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | - мисалдарды таап, маанилерин талдай алат;<br>- жооптору так жана тууралыгы.<br>- сөздүк менен иштей алышы | | | | |
| 8 | Үй тапшырмасы (2 мин) | 309-көнүгүүнү аткаруу. | 309-көнүгүүнү аткарышат. | НК-3 | ПК-1<br>ПК-2 | |

| 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

Сканировано с CamScanner